Х.Жээнбаев атындагы
мектеп-лицейи

# ТЕМА:

# “Кыргыз элинин төкмөлүк өнөрү, негизги жанры - айтыш”




Мугалим: Асанбаева Т.Дж.

Сканировано с CamScanner

ОББ: [signature]

Күнү: 8.03.2023

Классы: 5 б

Предмети: Музыка

Сабактын темасы: **"Кыргыз элинин төкмө өнөрү, негизги жанры - айтыш"**

**Сабактын максаты:**

- Кыргыз элинин төкмө өнөрүн тааныштыруу, акындардын негизги жанры – айтыш тууралуу сөз кылуу, окуучуларга түшүндүрмө берүү;
- Тема боюнча өзүлөрүнүн ой толгоолорун айтып бере алышына багыт берүү;
- Сүрөттөрдүн берилиши аркылуу музакан элестөө менен угуу сезимин калыптандыруу.

**Сабактын усулу:** практикалык, интерактивдүү

**Сабактын формасы:** топ[illegible] менен иштөө

**Сабактын жабдылышы:** план конспектиси, сүрөттөр, интерактивдүү такта, окуу китеби, комуз.

**Доскада жазылуу:**

**Сабактын темасы: "Кыргыз элинин төкмө өнөрү, негизги жанры - айтыш"**

**Музыкалык сөздүк:**

- Төкмө акын – бул элдик кесиптик ырчы акын. Композитор. Музыкант – аткаруучу, актёр. Төкмөлүк (импровизация) – латынча improvises – күтүлбөгөн жереден дегенди түшүндүрөт.
- Төкмөлүк (төгүп ырдоо, импровизация) – бул мурда билбей туруп, күтүлбөгөн жереден ыр тизмектерин тизип, ошол эле учурда ырдоо.

**Сабактын жүрүшү**

1. **Уюштуруу моменти:**
2. **Үй тапшырманы сурамылоо:** Суроо – жооп. Өткөн сабакты кайталоо. (6 мин.)
3. **Мугалимдин сөзү:** Саламатсынарбы, окуучулар, музыка сабагына көңүл буралы, көңүл коюп уккула. (1 мин.)
4. **Видеоролик.** (3 мин.)
5. **Мугалимдин сөзү:** (15 мин.)

Төкмөлүк өнөр – манасчылыктан кийин кыргыз маданиятындагы улуу өнөр. Төкмө акындар кыргыз элинин турмушун, санжырасын, тарыхын, басып өткөн жолун, кайгы кубанычын ыргы салып, элден укканды ыр менен элге жеткирген таланттар.

Сканировано с CamScanner

Төкмө акындар ар учурдагы коомчулуктун социалдык, экономикалык абалын ырга салып, куюлуштуруп ырдашат.

Айтыш – кыргыз, казак, каракалпак элдеринде өтө кеңири тараган, элдик оозеки көркөм өнөрдүн бир түрү. Айтыш эки акындын беттешүүсү, жолугушуусу же таймашы. Айтышка катышкан акындардын тапкычтыгы, ырчылык өнөрү, устаттыгы сыналат. Айтышуу ыгына карай бөлүнөт. Айтыш – эки акындын таймашы. Алым сабак – эки акындын бири – бирин колдоп, биринин оюн экинчиси коштоп айтышуусу. Табышак айтыш – эки акындын табышмактатып айтышуусу. Кордоо айтыш – мыскылдап айтышуусу. Кыз – жигиттин айтышуусу – кыз - жигит таймашы.

Саламдашуу – куттуктоо – жалгыз же бир нече акындын жамактатып куюлуштуруп куттуктоосу. Айтылуу улуу муундун акындарын атап өтсөк Токтогул Сатылганов, Калык Акиев, Осмонкул Бөлөбалаев. Орто муундагы төкмө акындар Эстебес Турсуналиев, Ашыралы Айталиев, Тууганбай Абдиев, Замирбек Үсөнбаев. Азыркы биздин күндөгү акындар Элмирбек Иманалиев, Жеңишбек Жумакадыр, Аaaлы Туткучев, Изат айдаркулова, Акматбек Султан уулу.

Айтыш эч кандай даярдыксыз, кандай жагдай шарт болбосун төгүп ырдоого ылайык – ташылган элдик поэзиянын оозеки түрү. Анда алдын ала даярдык көрүү, план түзүү, оңдөө жүргүзүлбөйт. Кандай абалда ырдалса ошол боюнча тартуулашат.

6. **Сабакты жыйынтыктоо:**

- Токтогул Сатылганов ким болгон?
- Төкмө акын дегендер ким?
- Токтогул кайсы жереде туулган?
- Айтышта кимди жеңип чыккан?
- “Кербезим” деген ыр кандай мүнөздө жазылган?

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

7. **Үй тапшырма:** Төкмөлүк өнөр тууралуу окуп келүү.
8. **Концерттик программа.** (22 мин.)

Сканировано с CamScanner

## Эволюция, жанр, поэтика

### 1. 2. Айтыштын жанрдык белгилери, жалпылык жана жекелик мүнөзү

Фольклордун идеялык маңызы, социалдык табияты, турмуштук мазмуну тарыхый өсүп-өнүгүүгө карата өзгөрүлүп турат. Ал эми ырчылардын чыгармалары канча мезгил алмашпасын өзү жашаган доордун мүнөзүн чагылдырып, ал меселеге карата ар бир акындын жекече көз-карашын көрсөтөт. Айталы, акындардын замана тууралуу чыгармаларында алар адам катары өз заманына карата жеке көз караштары, ой туюмдары чагылдырылат:

"Акыр заман адамы
Алым болот.
Аяттын сөзүн бек тутпай,
Залым болот" (Калыгул)

Бу заманың кай заман, ой журтум?
Капкандай чапты белиңди,
Сурап алды жашыңды,
Каттап алды башыңды.
"Ыстарик" – деп карыңды,
Эсепке алды баарыңды.
Ушул заман тар заман,
Азуулуга бар заман.
Бечарага зар заман. (Арстанбек)

Эшектин баасы тулпардан,
Ашып калган замана,
Короздун наркы шумкарды
Басып калган замана,
Кыздан жигит уялып,
Качып калган замана. (Жеңишбек Жумакадыр) ж. б.

***Айтыш – импровизациялык өнөрдүн бийик чегин көрсөтүп, публика менен түз байланышта аткарылып, өзүнө тиешелүү мазмун жана формалык өзгөчөлүктөргө ээ болгон оозеки чыгармачылыктагы жанр***.

Сканировано с CamScanner

Канча күлүк болсо да,

Байтал ар убакта алсырайт" – деп катуу кордоо менен баштаганда, акындын бул ырына

Чындык атым – Ырыскүл,

Экинчи атым – Чата кыз.

Жеңижок чынын айтсам качасыз,

Көпчүлүктүн ичинде,

Катуураак айтсам капасыз.

Наристени бала – дейт,

Сени адамга кошпос ала, – дейт" – деп "тузу, мурчу өткүр кошулган" жообун узатат. Мына ушундай кордоо Калык менен Балкы кыздын айтышында да бар. Жалпысынан алганда, кыздар менен айтыш табышмак маанисиндеги өнөр сыноо же кордоо мүнөзүндө өнүккөн. Акын кыздардын атынын бүгүнкү күнгө чейин сакталышынын бирден бир себеби да айтыштарынын мүнөзүнө байланышуу. Себеби, жайынча, учурашуу, ал-жай сурашуу маанисинде айтылган айтыштар эл арасына тарабай, кайда ырдалса ошол жерде калгандай, ал эми өзгөчө курч, сенсациялуу айтылган кордоо мүнөзүндөгү айтыштар биринен экинчисине өтүп, уламышка айланып, толук түрүндө болбосо да бизге жеткен өңдөнөт.

Майра – тамашалуу айтыштардын дагы мыкты устасы. Табылды Актановдун шакирти Жеңишбек Токтобеков менен айтышындагы

Жеңемдин колун кармап,

Сылай кел деди.

Домбурасынын кулагын,

Бурай кел деди.

Былтыр Акжолтойдой,

Эркек төрөп алыптыр.

Ушунда бизден кошумча

Жок бекен сурай кел деди", – деп Жеңишбек чоң тамаша таштайт. Анда Майра:

"Жеңесин жолбун кепке илештирип,

Жеңишбек алды-артыман тооруп жатат.

Табылды менден бала доолабасын,

Аныкы көл тарапта толуп жатат" – деп өтө тапкычтык менен абалдан чыгат.

Сканировано с CamScanner